Кыргыз Республикасынын төлөм системасынын ишине
2026-жылдын I чейрегинде жүргүзүлгөн көзөмөлдүн (оверсайт)
жыйынтыгы боюнча

**ОТЧЁТ**

## I. Улуттук төлөм системаларынын ишине мониторинг жүргүзүү жана талдап-иликтөө

### 1. Айкын убакыт ыргагында эсептешүүлөрдүн гросстук системасы (ГСРРВ)

*Айкын убакыт ыргагында эсептешүүлөрдүн гросстук системасындагы финансылык тобокелдиктер.*

2026-жылдын I чейреги ичинде ГСРРВ ишине жүргүзүлгөн мониторингдин жыйынтыгы боюнча өткөн чейрекке салыштырганда жүгүртүү коэффициенти 17,3 пайызга төмөндөгөндүгү, ликвиддүүлүк коэффициенти 20,9 пайызга жогорулагандыгы байкалган. Өзгөрүүлөр динамикасы 1 жана 2-графиктерде көрсөтүлгөн.




1-график. Гросстук системасындагы финансылык тобокелдиктер деңгээли




2-график. Гросстук системасындагы ликвиддүүлүк жана төлөмдөр көлөмүнүн орточо күндүк көрсөткүчүнүн өзгөрүү динамикасы (млрд сом)

Система боюнча жалпы жүгүртүүлөр 16 685,99 млрд сомду түзгөн, бул өткөн мезгилдеги көрсөткүчтөн 8,5 пайызга аз.

Системада финансылык тобокелдиктердин көрсөткүчү минималдуу бойдон калган.

*Операциялык тобокелдиктер.*

Системадагы жеткиликтүүлүк деңгээли 99,74 пайызды түзгөн. Көрсөткүчтүн 0,26 пайызга төмөндөшү техникалык үзгүлтүктөргө байланыштуу болгон. Системада операциялык тобокелдик системанын жалпы иштөө убактысынын 3,02 пайызы деңгээлинде болгон жана ал үзгүлтүктөн тышкары, негизинен, катышуучулар тарабынан системанын иштөө регламентин узартуудан улам келип чыккан. Өзгөрүүлөр динамикасы 3-графикте көрсөтүлгөн.




3-график. Гросстук системасындагы жеткиликтүүлүк көрсөткүчүнүн жана операциялык тобокелдиктин катышы

Системада катталган бузуулар Улуттук банктын тариф саясатына ылайык жана Улуттук банк Башкармасынын ар бир айдын акыркы үч күнү ичинде бюджеттик төлөмдөрдү иштеп чыгуу боюнча атайын чечими менен жөнгө салынат.

## 2. Пакеттик клиринг системасы (ПКС)

*Пакеттик клиринг системасындагы финансылык тобокелдиктер*. 2026-жылдын I чейрегинде дебеттик таза позициянын акча каражаттары боюнча белгиленген резерв өлчөмүнөн артышына байланыштуу фактылар системада катталган эмес. 4-графикте көрсөтүлгөндөй, катышуучулар жыйынтыктап эсептешүүлөрдү жүргүзүү үчүн иш жүзүндө талап кылынгандан төрт эсе көп каражаттарды резервге коюшкан.




**4-график. 2026-жылдын I чейреги ичинде Пакеттик клиринг системасындагы дебеттик таза позициянын суммардык маанисинин жана анын ордун жабууга каралган резервдин катышы (млн сом)**

*Системадагы операциялык тобокелдиктер*

Отчеттук мезгилде ПКСтин ишине жүргүзүлгөн мониторингдин жыйынтыгы боюнча системанын жеткиликтүүлүк көрсөткүчү 100,0 пайызды түзгөн. Системада операциялык тобокелдик деңгээли системанын иш регламентин узартуудан улам 4,59 пайыз чегинде түптөлгөн. Өзгөрүүлөр динамикасы 5-графикте көрсөтүлгөн.




**5-график. Пакеттик клиринг системасында жеткиликтүүлүк көрсөткүчүнүн жана операциялык тобокелдиктин катышы**

## 3. «Элкарт» карталары менен эсептешүүлөр системасы

*Системадагы операциялык тобокелдиктер*

«Элкарт» банктык төлөм карталары менен эсепт ешүү системасында улуттук төлөм системаларынын ишине жүргүзүлгөн мониторингдин жана талдап-иликтөөлөрдүн жыйынтыгы боюнча 2026-жылдын I чейрегинде жеткиликтүүлүк деңгээли 99,91 пайызды түзгөн. Өзгөрүүлөр динамикасы 6-графикте көрсөтүлгөн.





**6-график. Банктар аралык процессинг борборуна операциялык тобокелдиктин жеткиликтүүлүк көрсөткүчүнүн катышы**

## II. Төлөм инфраструктурасынын ишин байкоо


### 4. Үчүнчү жактардын пайдасына төлөмдөрдү кабыл алуу

**7-график. 2026-жылдын I чейрегинде төлөм системаларынын операторлорунда жана төлөм уюмдарында орун алган штаттан тышкаркы жагдайлардын келип чыгуусунун негизги себептери (саны)**




Кыргыз Республикасынын аймагында иштеп жаткан төлөм системаларынын операторлорунун отчётторун талдап-иликтөөлөрдүн жыйынтыгы боюнча 2026-жылдын I чейрегинде төлөм системаларынын ишине байланыштуу 86 штаттан тышкаркы жагдайлар катталган. Мындай жагдайлардын келип чыгышынын негизги себептери 7-графикте чагылдырылган.

**8-график. 2026-жылдын I чейрегинде төлөм системаларынын операторлорунда жана төлөм уюмдарында орун алган штаттан тышкаркы жагдайлардын келип чыгуусунун негизги катыштары**




Мында, үзгүлтүктөрдүн төмөнкү негизги түрлөрүн жана алардын катышын бөлүп көрсөтүүгө болот (8-график):

- электр энергиясы менен камсыз кылуу жагында үзгүлтүктөр төлөм системаларынын ишиндеги штаттан тышкаркы жагдайлардын жалпы санынын 24,42 пайызын түзгөн;
- аппараттык-программалык комплекстин жана аралыкта орнотулган жабдуулардын ишинде орун алган үзгүлтүктөр төлөм системаларынын ишиндеги штаттан тышкаркы жагдайлардын жалпы санынын 9,30 пайызын түзгөн;
- байланыш каналдарындагы үзгүлтүктөр төлөм системаларынын ишиндеги штаттан тышкаркы жагдайлардын жалпы санынын 6,98 пайызын түзгөн;
- кызмат көрсөтүүчүлөр тарабынан үзгүлтүктөр төлөм системаларынын ишиндеги штаттан тышкаркы жагдайлардын жалпы санынын 59,30 пайызын түзгөн.

Потенциалдуу тобокелдиктерге баа берүү: бул үзгүлтүктөр финансылык жоготууларды шарттаган эмес жана төлөм кызмат көрсөтүүлөр рыногунун башка катышуучуларына таасирин тийгизген жок.

### 5. SWIFT сервис-бюросунун иши

2026-жылдын I чейрегинде SWIFT сервис-бюросунун жеткиликтүүлүк коэффициенти 100,00 пайызды түзгөн. SWIFT системасында операциялык тобокелдиктер деңгээли минималдуу болгон.

Ошондой эле, отчеттук мезгилде кошумча алдын алуу иштери жүргүзүлүп, бул тууралуу SWIFT сервис-бюросунун катышуучуларына өз убагында маалымдалган.